отношений у кочевых народов Средней Азии и Казахстана. Рекомендации по социально-экономическим аспектам истории Средней Азии и Казахстана выработанные в советско-кыргызской историографии 20-50-х годах на основе марксистско-ленинской методологии оказали действенную помощь дальнейшей работе ученых. В то же время эти рекомендации в категоричной форме устраняли альтернативные суждения и решения вышеуказанных проблем взаимопроникновение которых необходимо для выяснения объективной истины. Особенностью советской исторической науки этого периода заключается в том, что в соответствии научной традицией советских ученых в 20-50-е годы разрыва между историческими, археологическими и антропологическими исследованиями не было. Для этого, чтобы понять и определить местокочевников в мировой истории, им было теоретически осмыслена проблема разделения труда между скотоводами-кочевниками и земледельцами.

**Список использованной литературы:**

1. Хазанов А.М. Кочевники и внешний мир. -Алматы: Дайк-Пресс, 2002. -С.66
2. Цитируется по книге: Оразбаева А.И. Цивилизация кочевников евразийских степей.-Алматы: Дайк-Пресс,2005.-С.20
3. Хазанов А.М. Указанная работа. -С.76. Цитируется по книге: Оразбаева А.И. Указ.раб -С.13
4. Гумилев Л.Н. Тысячелетие вокруг Каспия. -М.,1993.-С.86
5. Подробно об этом см.: Погорельский П.П. Экономика кочевого аула Киргизии//На аграрном фронте. -1929. -№11-12. -С.157-171;
6. Кушнер (Кнышев) Н. Горная Киргизия. Социологическая разведка. -М.: КУТВ, 1929;
7. Погорельский П., Батраков А. Экономика кочевого аула Киргизстана. -М.: Изд-во Совнаркома КАССР,1929;
8. Потапов Л.П. О сущности патриархально-феодальных отношений у кочевых народов Средней Азии и Казахстана//Материалы объединенной научной сессии, посвященной истории Средней Азии и Казахстана в дооктябрьский период. -Ташкент: Изд-во АН УзССР,1955.

**Рецензент: д.и.н., проф. Алымкулова С.К.**

УДК 37.01.3.398 (575.2)

**Жапаралиева Н. Ж.**

Муса Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин Мамлекеттик жана расмий тилдер кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

## “МАНАС” ЭПОСУ КӨЧМӨН ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН КӨРКӨМ ДАЛИЛИ

*Макалада каада-салт, улуттук оюндар, архитектурасы, дипломатия, экономика, маданият, спорт, темирдей тартип сактаган аскердик тактика, деги эле бардык илимдин башаты катары “Манас” эпосу эсептөөлөрү айтылат. Булар көчмөн цивилизациянын далили катары студенттерге ушул түшүнүктөрдү окутуунун жолдору берилет.*

**Өзөктүү сөздөр:** *илим, каада-салт, үрп-адат, маданият, көчмөн цивилизациясы, улуттук оюндар, экономикалык, медициналык түшүнүктөр.*

**Жапаралиева Н. Ж.**
Зав. кафедрой Государственного и официального языков КЭУ им. М. Рыскулбекова, кандидат педагогических наук, доцент

## ЭПОС "МАНАС"– ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ДОКАЗАТЕЛЬСТВО КОЧЕВОЙ ЦИВИЛИЗАЦИИ

*Как вершина всех наук эпос "Манас" является как доказательство кочевой цивилизации, где освещены обычаи, традиции, национальные игры, архитектура, дипломатия, экономика, культура, спорт и военная железная тактика, используемые в методике обучения студентов.*

**Ключевые слова:** *наука, традиции-обычаи, культура, кочевая цивилизация, национальные игры, экономическое, медицинское понятия*

**N. J. Japaralieva**
Head. Department of the State and official languages of the KEU. M. Ryskulbekova, candidate of pedagogical sciences, docent

## EPOS "MANAS" IS THE PROOF OF ART LITERATURE THE NOMAD CIVILIZATION

*As the top ofall oral sciences "Manas" Epos considers customs, traditions, national games, architecture, diplomacy, economics, culture, sport, military strict tactics which are used widely in teaching method.*

**Key words:** *science, traditions, customs, culture, nomad civilization, national games, economics, medical terms.*

"Манас" эпосу – кыргыз элинин көчмөн цивилизациясынын, тарыхынын, тагдырдын кыргыз элине берген тартуусу, куту, кубаттуулугу зор, мааниси терең экенин эч ким тана албайт. Байыркы ата-бабалардан мурасталып, укумдан-тукумга улантылып келе жаткан каада-салт, керемет тил, көркөм сөз өнөрү, Мекенди сүйүү, коргоо, намыс сыяктуу мааниси зор керемет табылгыс таалим –тарбия "Манас" эпосунда топтолгон.

Эпос кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолдоруна, топтогон тажрыйбаларын түшүнүү жана анын керектүү, орчундуу негиздерин колдонуу, маданиятынын өзгөчө баалуулуктарын таанып билүү менен азыркы турмушубузду байланыштыруу, бүгүнкү муундарды ойготуу, ойлонтуу, таасирлентүү менен улуттук аң сезимдин, намыстын өнүгүшүнө түрткү берет.

Уюткулуу кыргыз эли келечек муундарга таалим берүүдө башкаларга үлгү болоор тажрыйбаларды топтоп, тарбиялык маанидеги каада-салт, үрп- адат, табиятка болгон көз караш, ага аяр мамиле жасоо, ата-энени сыйлоо, урматтоо, мейман достук сыяктуу жашоодогу баалуу асыл дөөлөттөргө бай келген.

"Манас" эпосунун өзөгүндө бардык илимдерди өзүнө топтоп, 2000 жылдан ашуун убакытты ичине камтырын тарыхчылар далилдеп келе жатышат. Антсе да, 1995- жылы "Манас" эпосуна 1000 жыл деп дүйнө жүзүн дүңгүрөтүп, маареке өткөрдүк. Андан бери Кыргызстандын тарыхында илим-билим, маданият тармагында бир топ иштер жүргүзүлүп келе жатат. 2013-жылдын 4-декабрында ЮНЕСКОнун тизмесинен өтүп, "Манас" эпосубуз дагы бир жолу дүйнөнү дүңгүрөттү.

Жогорку профессионалдык билим берүүнүн үчүнчү муундагы мамлекеттик билим берүү стандартына киргизилип, билим берүүнүн бардык мекемелеринде окутулуп жатат.

Демек, бардык илимдердин башаты демекчи, медицина, архитектура, дипломатия, маданият, спорт, темирдей тартип сактаган аскердик тактика, астрология, соода-сатык, ж.б. илимдерден башаты катары кыргыз эли сабаттуу, маданияттуу калк экенинен кабар берет. Ошондой эле ийин келиштире кийирип жасаган тери, булгаары кийимдери, аземдеп – жасалгалап, тиккен кийим-кечектери, зоот кийимдери, курал-жарактары, ат жабдыктары, алтындан бакан көтөртүп, манаттан жабкан ак-өргөлүү боз үйлөр, музыкалык аспаптары деги койчу кол өнөрчүлүктүн өсүп-өнгөн туу чокусунда туруп колунан көөрү төгүлгөн усталарыбыз, уз аял заттарыбыз, бийик деңгээлде өнүктүрүп, ата-бабабыз көчмөн калк болсо дагы, муундан-муунга өткөрүп келишкен.

Жогоруда айткандай ар бир илимден кабар берген маалыматтарга токтолсок, азыркы учурда экономикалык абал актуалдуу болуп турганда **эсеп-кысап** боюнча кеп кылсак “Манас” эпосунда айтылгандай миллиардга чейин санашканын билебиз. Аскердик санды же колду санаганда он миңден – түмөн, жүз миңден – илек, миллионду – он жүз миң, же он илек деп, миллиардды – милек деп аташкан.

Мисалы: Манастын чоң атасы Ногой хандын тушунда кыргыздар кашкардан тартып, батышы Сармаркан, Бухара, Анжиян, Ташкентти бүт ээлеп турган бирдиктүү чоң мамлекет болгон.

Эч нерседен камы жок, бейпил жатканда кытайдан элүү жүз миң (беш миллон) кол келип кыргыздарды чаап кетет.

Мисалы: Эл кадырын биле албай,
Эндейиңки турганда.
Эсенкандын элинен,
Элүү жүз миң кол келди.
Чаап түштү талкалап,
Биз тараткан көп элди.
Эндекей жатып эзилдик
Кенебей жатып кесилдик.

Манас Аккуланы көргөндө, суктанып туруп айткандагысы:

Токсон илек кол алып,
Торгуулга минээр мал экен.
Сексен илек кол алып,
Серпишке минээр мал экен. дейт.

илек – миллион дегенди түшүндүрөрүн жогоруда айттык. Дагы бир мисал: Манас Алтайда жашаган элге каттоо жүргүзүп:

Алтайда жаткан эл
Аяк-башың жыйналып,
Эсебиң канча бер – деди.
Эл эсебин алышып,
Элди катка салышып,
Алтайлыкты санаса
Аяк-башын караса
Токсон алты миң болду.

**Архитектурасын** кеп кылсак ата-бабабыз тээ атам-заманда эле кыш бышырып, чоң шаарларда, кабат-кабат үйлөрдү салдырып жашагандыгынан маалымат берилет:

Көргөнгө сонун ушу бар,
Көгарт суунун бого шаар.
Үйдүн үстү үй болгон,
Үйгө жери карк толгон.
Таш үстүнө таш болгон,
Талаасында чолоо жок.

**Илим:** Деги эле илим-билим боюнча Манастын доорунда кат өтө ыйык тутулуп: "Кудайлашкан аят урсун, курга түйгөн кат урсун" – деп катка да карганышкан.

Эпосто Шууту, Кошой Багдадга барып, беш жыл окуп, билим алат Кошой, Чубак, Ажыбай, Бакай беш-он жылдан окуп келген билимдүү адамдар болот. Ал эми, айтылуу Алмамбет кытайдын ханы Эсенкандын жарыясы менен алты миң баланын ичинен алты бала өтүп окуп калат. Анын ичинде Алмамбет да болот. Ал бардык илимден кабары бар, ажыдаардан билим алган болот.

**Медицина** жаатында да эпосто медициналык жардам төмөнкүчө сүрөттөлөт.

Жарааттын оозун буушуп.
Урушка кийген тондорун
Каткан канын жуушуп,
Соолору тынч алып
Созулуп уктап калыптыр деп баяндалат.

"Манас" эпопеясында улуттук спорттун гүлдөп, өсүп турганы көп эпизоддо баяндалат. Алар: Эр сайыш, ат чабыш, эр күрөш, жамбы атыш, кыз куумай, тыйын эңмей, ордо, чатыраш, тогуз коргол, көк бөрү, балбан күрөш ж.б.

Улуттук оюн-зооктун эң бир көркөм деңгээлдин туу чокусуна жеткирилген жери бул "Көкөтөйдүн ашы". Анда ар улуттун өкүлдөрү келип, кыргыздын сыйын көрүшөт. "Көкөтөйдүн ашындагы" улуттук оюндардын ичинен эң көп ойнолгону "Жамбы атыш" болот. Андагы "Жамбы атышта" деги эле байге сайылган оюндардын же спорттун түрүн бүт кыргыздар утуп алат. Кекенип калган кытай, калмактар узашып, кол жыйнай башташат. "Көкөтөйдүн ашы, көп чатактын башы" дегендей "Манас" баатырыбыз Чоң казатка аттанат. Андагы салгылашуулардагы Манас баш болгон, кырк чоро төш болгон кыргыз жоокерлеринин эрдиги, баатырдыгы чагылдырылып, спорттун чеберлери экенин айгинеленет.

Кыргызда мындан сырткары "жөө жарыш" дегени болгон. Аны илгертеден эле үчкө бөлүп чуркаткан. Кичинекей ойноо балдардын жарышын: "Жөө тай чабыш" – деп, тестиер чоңоюп калган балдардын жарышын – "Жөө кунан чабыш", чоңдордун жарышын: - "Жөө жарыш" деп аташкан "Манас" дастанында "жөө кунан чабыш" жөнүндө эскерилет Манас өтө эрке, ээнбаш чыгып, элден көп наразычылыкты уккан Жакып, койчусу Ошпурга жардамчылыкка берет. Ал жакта Манас жөн жатпай, жанына кырк баланы жыйнап, чоро кылып, спорттун түрүнө машыктырып, козуну чекесинен союп, курсактарын этке тойгузуп, шишкебекти отко кактап, курсактары айрылганча жешип, оюн куруп жаткан жери:

Этке тойгон кырк бала
Жөө кунан чаап бакырат.
Алдыга келген ал балдар,

Манастап ураан чакырат.

Андан сырткары ошол эле эпизоддо Манас шишкебек бышыралы деп от жагалы десе оттугу жок отурганда калмактын отунчу чалы өтүп бара жаткан болот. Андан оттук сураса, бербестен каарын-капчып,ээн талаада от койгон кандай ээн баш баласың деп калмакча сөгүп кирген чалды Манас сакалдан алып, көтөрүп жерге чаап, оттугун алып, жүктөп келе жаткан отунун алып, чалды өгүзгө жүктөп, “Өлбөсө аман калаар, Өлсө өгүзү жеткизип салаар” – деп айдап жиберет. Отунчусун көргөн калмактын жылкычысы жини келип, чоо-жайын угуп, Манастын сазайын бермек болуп барып адегенде, чалгындаса баягы кырк баласы ар жерде оюн салып жүрөт дейт. Ошондо сууда жүргөн балдар жөнүндө:

Сууга түшүп чулпулдап,
Кулач уруп кулпулдап.
Чуркап жүргөн андан көп – деп баяндалат.

“Кулач уруу”, “Итбалдан уруу”, “Чабак уруу” тууралуу да эпосто эскерилет:

Ошол чакта Карагул
Чалыштап аты токтолду,
Ит кечпестин Кара-Суу
Итбалдак уруп жоголду деп айтылат.

Деги эле “Манас” эпосунда улуттук спорт оюндары жогорку деңгээлде сүрөттөлүп айтылат. Демек, атам-замандан  эле кыргыз эли, ат үстүндө ойногон, карысынан жашына чейин ат минип, жер которуп, көчүп-конуп жүргөн кыргыз калкында улуттук спорт өнүккөн десек жаңылышпайбыз.

Кыргыз журтчулугунда кечээ жакында, тактап айтканда, 2011-жылы белгилүү манасчы, окумуштуу Талантаалы Бакчиевдин варианты менен “Манастын ашы” деген орчундуу эмгек колубузга тийип, сөз баккан элибиз сүйүнүп турган кези. Мына ошол эмгекте Манастын ашын берип, Семетей да кыргыздын улуттук оюн-зоокторун өткөрүп, айтылуу “Ат чабыш”, “Эр сайыш”, “Жамбы атыш”,”Кыргыз күрөш“ жана башка спорт оюндары чагылдырылат. Мисалга алсак:

Аш тойлордун шарты экен,
Абалтан калган салт экен.
Жамбы атышы бар экен
Ошондон кеп салалы.
Алтындан жамбы байлатып,
Элдин көзүн жайнатып.
Мына ушундай кызыкты
Семетей эми баштады.
Желди жиреп шум жебе,
Үч танабын кыйганы.
Эки жүз кездей бийикте,
Илинген жамбы солк этти. - деп сүрөттөлөт

**Күрөш:** Каршы-терши чапчышып,
Бирин-бири сынашты.
Чеңгелдер менен билекти,
Ары-бери тартышты.
Өлчөлүү жерден кармашып,

Булчуңдарын чоюшту.
**Эр сайыш:** Бет маңдай экөө ашыгып,
Колтукка найза сайышып.
Как өпкөгө тушташып,
Бет алып келет жалындай.- деген сүрөттөөлөр менен манасчы улуттук спорт оюндарын терең көркөмдүктө берген. Бул учурда студенттерди топ-тобу менен иштетүү оң натыйжаны берет деген ишеничтебиз.
**Тикмечилик:** Каныкейдин баатырларды "Чоң Казатка" узаткандыгы жана чеберчилиги жөнүндө:
Кыйын жоого бет алып,
Кыраандар, чыктың аттанып.
Кара жан үчүн кийээрге,
Кажыбай жоого тийээрге,
Жолдошуң үчүн бир-бирден
Сарпайы кийим жабайын.
Бээжин ысык жер деген,...
Кырк чорого кырк калпак,
Кыш кийээрге тумагын,
Ичин суусар ичтеттим!...-деп
**Дипломатия:** Улуу «Манаста» адамдарга улутуна (кыргыз, казак, түрк, өзбек ж.б.) карап мамиле жасаган учурду таптакыр жолуктура албайсың. Улуттар аралык ынтымактын, теңдиктин, дипломатиялык байланыштын, эркиндиктин идеясы «Манаста» кенен сүрөттөлүп, ар тараптуу айтылган.
Бай Жакып болду «хан Жакып»,
Бар Көлдөн көчтү Алтайга,
Айдап малды чаңдатып,
«Кыргыз менен чамалаш,
Ак балта менен караандаш,
Казак менен аралаш,
Чогулаша консом, –деп,
Жакшы-жаман күн болсо,
Чогуу бирге болсом,
Мына жогорку үзүндүдөн эле кыргыз, казак чогуу ынтымакта жашаганы көрүнүп турат.
Дагы бир мисал:
Буудайыкка балтанын,
Жазган каты бул болчу:
"Сен да Алаш, мен Алаш "
Сен экөөбүз тең Алаш,
Калмактар салды казапты,
Баарыбызды тең талап,
Кул кылып кетти кыдыртып,
Азат башты кул баалап,
«Кулдукта алаш жүрөт», - деп
Мойнубузда жаман ат...

Жогорку эпизоддон **Алаш** эли, тактап айтканда ( кыргыз, казак, түрк, өзбек ж.б.) көптөгөн улуттар азаттыктыкты, эркиндикти каалаган Алаш эли кул болууну ар качандан бир качан каалабайт. Тескерисинче, ынтыкмактыкты, тең өсүп-өнүгүүнү эңсеген идеяны көрсөтмөкчү.

Натыйжада, тектеш улуттар, тууган чалыш уруулар жалпы бир болуп, душманга каршы аттаныш үчүн баш кошууну туура табышып, Сагымбайдын вариантында белгиленгендей, башында Жакып, Акбалта турушуп калмактарга каршы аттаныып кыр көрсөтүшүп, Кыргыз урууларынын социалдык эле эмес, саясий абалы да туруктуулукка ээ болуп келе жаткандыгынан дарек берет.

Студенттерге айтылган жагдайларды окутуп, үйрөтүүдө заманбап технологиянын жардамы менен берүү, түшүндүрүү ар бир окутуучунун милдети.

Бүгүнкү күндө "улут достугу же эл достугу", "Эки же андан көп эл ортосундагы көпүрө", деп аталган маселе дайыма маанилүү болуп келген. Андыктан, студенттерди толлеранттуулукка тарбиялоо маселеси да четте калбашы керек.

Дүйнөдө теңдеши жок "Манас" эпосундагы ар тараптуу илимдердин уюткусу болгон, кыргыз элинин рухий дөөлөтүн бир сааттык иш-чарада чечип, жыйынтыкка келүү акылга сыйбаган нерсе. "Манас" эпосунун изилденбеген жактары да толтура. Үзгүлтүксүз иштөөнү, изилдөөнү талап кылат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Ж.Мамай варианты "Манас" [1-том, 23-60-бет] Үрүмчү, 2004-жыл.
2. Ж.Мамай варианты "Манас" [1-том, 147-бет] Үрүмчү, 2004-жыл.
3. Сагымбай Орозбаковдун варианты "Манас" [1- китеп,145-бет] Фрунзе, Кыргызстан 1979-ж.
4. Сагынбай Орозбаковдун варианты "Манас" [4- китеп,186-бет] Фрунзе, Кыргызстан 1982-ж.
5. Саякбай Каралаевдин варианты "Манас" [2-китеп, 87-бет] Фрунзе, Кыргызстан 1986-ж.
6. Ж. Мамай варианты"Манас" [1-том, 270-355-бет] Үрүмчү, 2004-жыл.
7. Жапаралиева Н. "Манастаануу" ЖОЖдордун студенттери үчүн окуу программасы жана методикалык колдонмо.- Б., [20-бет] 2010.


**Рецензент: д.и.н., проф. Алымкулова С.К.**

УДК 7.03


**Закиров У.А.**

Улуттук Илимдер Академиясынын философия жана саясий укуктук илимий изилдөөлөр институтунун аспиранты,

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университенин Көркөм маданият жана билим берүү факультетинин "Көркөм сүрөт жана дизайн" кафедрасынын доцентинин м.а


## НИДЕРЛАНД ИСКУССТВОСУДАГЫ КАЙРА ЖАРАЛУУ ДООРУНУНА МҮНӨЗДҮҮ БОЛГОН БЕЛГИЛЕРИ, ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ


*Адамдын дене түзүлүшүн изилдөөгө алуу менен жаралган чыгармалар Кайра Жаралуу доорунун мүнөздүү белгилери катары эсептелинет. Ошол эле мезгилде адамдарды*